**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин кайрылуусуна байланыштуу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 106-беренесин расмий чечмелеп берүү жөнүндө иш боюнча өндүрүштү кыскартуу жөнүндө

# АНЫКТАМАСЫ

2025-жылдын 14-майы Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту: төрагалык кылуучу – Э.Ж. Осконбаев, судьялар – Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, К.А. Дуйшеев, Л.Ч. Жолдошева, М.Ш. Касымалиев, К.Дж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиев курамында, катчы – Н.Ж. Жанышбекованын катышуусунда, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 44-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктун жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 106-беренесин расмий чечмелеп берүү жөнүндө сунуштамасын чакыртып алуу жөнүндө өтүнүчүн карап чыгып,

**Т А П Т Ы:**

2025-жылдын 13-январында Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 106-беренесин расмий чечмелеп берүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин (мындан ары – Министрлер Кабинети) сунуштамасы келип түшкөн.

Министрлер Кабинети өзүнүн сунуштамасында финансы рыногун консолидацияланган жөнгө салууга жетишүү максатында Улуттук банкка мегарегулятордун функцияларын берүү мүмкүнчүлүгү жөнүндө маселени койгон. Кайрылуу субъектиси Кыргыз Республикасынын учурдагы финансылык рыногу банк, микрокаржылоо жана төлөм секторлорунун өнүгүүсүнүн кыйла жогорку деңгээли менен айырмаланаарын белгилеген, алар Улуттук банктын көзөмөлүндө болуп, ишмердүүлүгү жогорку деңгээлдеги регулятордук регламентацияга ээ. Ошол эле учурда, банк рыногунун камсыздандыруу жана баалуу кагаздарга инвестициялоо сыяктуу башка финансы чөйрөлөрү менен интеграциясы жетишээрлик эмес бойдон калууда. Мындан тышкары, финансы рыногунун секторлорунун жана түздөн-түз түзүмү менен жөнгө салуучу көзөмөлдөө механизмдеринин ортосунда жөнгө салуунун мыйзамдык бөлүштүрүү даражасы олуттуу болуп саналат.

Финансылык көзөмөлдүн бирдиктүү органына өтүү татаал жана өзгөчө маселелердин комплексин чечүү менен байланышкан. Оболу, ыйгарым укуктуу органдын ишинин максаттары менен милдеттерин мыйзамдарда ченемдик жактан так бекемдөө регулятивдик ажырымды болтурбоо, ошондой эле финансылык көзөмөлдөө чөйрөсүндөгү кабыл алынуучу чечимдер жана жүзөгө ашырылып жаткан саясат үчүн мегарегулятор органынын институционалдык жоопкерчилигинин натыйжалуу механизмин түзүү үчүн зарыл шартты билдирет. Ошол эле учурда, кеңири ыйгарым укуктардын спектри бир институттун алкагында топтолгон шартта мегарегулятордун көзөмөлдөө жана контролдоо функцияларынын натыйжалуулугунун

төмөндөшүнө алып келиши мүмкүн болгон объективдүү тобокелдиктердин бар экендигин да эске алуу зарыл.

Ушуга байланыштуу, Конституциянын 106-беренесине ылайык келүү көз карашынан алганда Улуттук банктын ыйгарым укуктарынын мындай институционалдык кеңейишине жол берилишине Конституциялык соттун укуктук баа берүүсүнүн зарылдыгы келип чыгат. Тактап айтканда, аталган функцияларды жүктөө Улуттук банктын конституциялык жактан бекитилген мандатынын чегинен чыкпагандыгын аныктоо талап кылынат.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2025-жылдын 11-февралындагы аныктамасы менен Министрлер Кабинетинин жогоруда көрсөтүлгөн сунуштамасы конституциялык өндүрүшкө кабыл алынган.

Ишти кароого даярдоонун жүрүшүндө 2025-жылдын 1-апрелинде Конституциялык сотко Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 106-беренесин расмий чечмелеп берүү жөнүндө сунуштаманы чакыртып алуу тууралуу арыз ээсинин өтүнүчү келип түшкөн. Чакыртып алууга Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 28-мартындагы №225-т тескемеси негиз болду.

“Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 44-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, Конституциялык сотко кайрылуу укугуна ээ болгон субъекттер, өз кайрылуусун Конституциялык сот тарабынан маселенин маңызы боюнча чечим кабыл алынганга чейин чакыртып алууга укуктуу.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту, эгерде жарандардын конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин коргоо зарылдыгынан башкача келип чыкпаса, кайрылууну чакыртып алуу иш боюнча өндүрүштү кыскартуу үчүн негиз болуп саналат деп белгилейт. Министрлер Кабинети тарабынан демилгеленген бул каралып жаткан иште укуктук маселе институционалдык-уюштуруучулук чечмелөө мүнөзүнө ээ жана адамдын

жана жарандын конституциялык укуктары менен эркиндиктерине байланышкан маселелерди түздөн-түз козгобойт.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 44-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктун, 48, 49, 52-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**А Н Ы К Т А Д Ы:**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин кайрылуусуна байланыштуу Конституциянын 106-беренесин расмий чечмелеп берүү жөнүндө иш боюнча өндүрүш кыскартылсын.

2. Ушул аныктама акыркы болуп саналат, даттанууга жатпайт жана кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**

№__________